КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# 2015
# Кыскача жылдык отчет

# Краткий годовой отчет 2015

Бишкек – 2016

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**2015**

# КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЕТУ

# КРАТКИЙ ГОДОВОЙ ОТЧЕТ

**2015**

Бишкек – 2016

Н 11

Национальная академия наук Кыргызской Республики: Краткий годовой отчет – 2015/НАН КР. – Бишкек: Илим, 2016. – 102 с.

# НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ: КРАТКИЙ ГОДОВОЙ ОТЧЕТ-2015

Ответственный за выпуск: Ч.И. Арабаев
Редакторы: Р.Д. Мукамбетова, Е.В. Комарова

Компьютерная верстка А. Малдыбаева

Материалы представлены вице-президентами отделений и отделами НАН КР

Объем 12,75 п.л. Формат 60×84 1/8. Тираж 100 экз.

© Национальная академия наук Кыргызской Республики, 2016 г.

## СОДЕРЖАНИЕ


КР УИАнын президенти А. Эркебаевдин 2015-жылдын жыйынтыктары боюнча Жылдык жалпы чогулуштагы доклады
Академиялык илим: проблемалар жана приоритеттер ........................................ 4

Доклад президента НАН КР А. Эркебаева на годичном Общем собрании по итогам 2015 года
Академическая наука: проблемы и приоритеты ........................................ 4

2015-жылдагы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-уюштуруу ишмердигинин негизги жыйынтыктары ........................................11

Основные итоги научно-организационной деятельности
Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2015 г. ........................................11

2015-жыл үчүн кыскача жылдык отчет
Физика-техникалык, математикалык жана тоо – геологиялык илимдер бөлүмү ........................................17

Краткий годовой отчет за 2015 год
Отделение физико-технических, математических и горно-геологических наук ........................................17

2015-жыл үчүн кыскача жылдык отчет
Химия-технологиялык, медицина-биологиялык жана айыл-чарба илимдер бөлүмү ........................................39

Краткий годовой отчет за 2015 год
Химико-технологические, медико-биологические и сельскохозяйственные науки ......39

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмүнүн 2015-жылдагы илимий-изилдөөчүлүк жана илимий-уюштуруучулук ишмердүүлүгү тууралуу кыскача отчет ........................................61

Краткий отчет о научно-исследовательской и научно-организационной деятельности Отделения гуманитарных и экономических наук Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2015 году ........................................61

КР УИАнын Түштүк бөлүмүнүн 2015-жылдагы илимий жана илимий-уюштуруучулук иш-аракеттеринин жыйынтыгы боюнча кыскача маалымат ........................................82

Краткая информация о результатах научной и научно-организационной деятельности Южного отделения НАН КР в 2015 г. ........................................82

Тиркеме........................................92

Приложения



## КР УИАнын президенти А. Эркебаевдин 2015-жылдын жыйынтыктары боюнча Жылдык жалпы чогулуштагы доклады Академиялык илим: проблемалар жана приоритеттер

***КР УИАнын президенти, академик А.Э.Эркебаев***

## Доклад президента НАН КР А. Эркебаева на годичном Общем собрании по итогам 2015 года Академическая наука: проблемы и приоритеты

***А.Э.Эркебаев, президент НАН КР, академик***

Урматтуу УИАнын мүчөлөрү !

Эсиңиздерде болсо, мен 2013-жылды жыйынтыктап жатып: "...биздин эң негизги жетишкендигибиз – Илимдер академиясы тууралуу коомдо пайда болгон негативдүү ой-пикирди кыйын болсо да өзгөрттүк, бийлик түзүмдөрүнүн көңүлүн биздин керектөөлөргө жана үмүттөрүбүзгө бура алдык, ошондой эле коомдун жана мамлекеттин илимсиз илгери адымдаган өнүгүүсү мүмкүн эмес пикиринин тууралыгын бекемдедик..." – деп айткам элем. Бирок илимдин айланасындагы жагдайды мындай позитивдүү баалоо мезгилсиз болуп чыкты. Ченемдик жана мыйзамдык базаны жакшыртуу боюнча керектүү иш жүргүзгөнүбүзгө, 2013-2017-жылдардагы Улуттук илимдер академиясынын фундаменталдык жана колдонмо илимий-изилдөө иштеринин жана иштелмелеринин Академиялык рамкалык программасын иштеп чыкканыбызга, КРнын УИАнын 2015-жылга чейинки өнүгүү стратегиясын түзгөнүбүзгө жана башка иштерди аткарганыбызга карабастан, күтпөгөн жерден 2014-жылдын сентябрь айы кыргыз илими үчүн "кара сентябрь" деп аталып, эсте каларлык болду. Өзүмдүн, мүмкүн, өтө эле эмоционалдуу болуп турганым үчүн кечирим сурайт элем, бирок курамында илимдин бир да белгилүү өкүлү жок болгон президентке караштуу Билим жана тарбия берүүнү өнүктүрүү маселелери боюнча коомдук Эксперттик кеңештин сунуштарына таянып, өлкөнүн президентинин Өкмөткө берген КРнын илим тармагын реформалоо тууралуу тапшырмасын массалык маалымат каражаттарынан бардыгыбыз уккан күндү мен башкача атай албайм.

«Батышка боор тарткандардын» сунуштарынын маңызы көп жылдардан берки ата мекендик илимдин инфраструктурасын "түпкүрүнө чейин талкалап жок кылып", ал эми Улуттук илимдер академиясын жоюп, ага коомдук уюмдун мартабасын берүү менен, ар кандай ведомстволор жана университеттер боюнча таркатуу болгону эсиңиздерде болсо керек. Анын үстүнө илимдин чоң майрамы – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 60 жылдык юбилейинин алдында бул аракет – бизге карата жасалган "чыккынчылык" болду.

Менин бир жарым жыл мурдагы окуяларга дагы бир жолу кайрылып жатканымдын себеби, 2014-жылдын аягы жана 2015-жыл бүтүндөй бойдон илимдер академиясынын жетекчилиги жана силер үчүн биздин жалпы академдик кайыгыбыздын, чөгүп кетпей, сүзүүсүн сактоо үчүн жасалма турбуленттүүлүктү стабилдештирүү үчүн кеткен чоң күч-аракет менен белгиленген.

Уважаемые члены НАН!

Подводя итоги 2013 года, я, как вы, наверное, помните, подчеркнул, что «... нам удалось достичь главного – переломить сложившееся в обществе негативное мнение об Академии наук, обратить внимание властных структур на наши нужды и чаяния, утвердить мнение о том, что общество и государство без науки не могут развиваться поступательно...». Но оказалось, что наша радость была преждевременной. Несмотря на то что мы провели огромную работу по усовершенствованию нормативной и законодательной базы, разработали Академическую рамочную программу фундаментальных и прикладных НИР и разработок НАН на период 2013 – 2017 годы, создали Стратегию развития НАН КР до 2025 года и многое другое, совершенно неожиданно грянул «чёрный сентябрь» 2014 года для кыргызской науки. Приношу извинения за свою, может быть, чрезмерную эмоциональность, но иначе я не могу назвать тот день, когда из средств массовой информации все мы узнали о поручении президента страны Правительству реформировать сферу науки КР, основываясь на рекомендациях Общественного экспертного совета при президенте по вопросам развития образования и воспитания (?!). Совета, в составе которого были 2 доктора-гуманитария и три кандидата наук.

Суть рекомендаций наших «горе-западников», как вы помните, сводилась к тому, чтобы «разрушить до основания» существующую многие десятилетия инфраструктуру отечественной науки, а Национальную академию наук расформировать, растащив по местечковым университетам и колледжам, придав ей статус общественной организации. Причем этот «удар в спину» нам был нанесен в самый канун большого праздника науки – 60-летия НАН КР!

Я ещё раз останавливаюсь на событиях полуторагодовой давности потому, что практически остаток 2014-го и весь 2015 год был для руководства Академии наук, а также для всех вас ознаменован большими усилиями для стабилизации искусственно вызванной организационной турбулентности, для сохранения нашей общей академической лодки на относительном плаву. Наряду с многочисленными встречами на уровне профильного комитета Жогорку Кенеша и отдельными де-

Жогорку Кеңештин профилдик комитетинин жана айрым депутаттардын, Өкмөттүн биринчи адамдарынын, КРнын Президентинин Аппарат түзүмдөрүнүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин жетекчилеринин деңгээлиндеги көптөгөн жолугушуулар менен катар биз илимди реформалоо боюнча Өкмөттүн токтомдорунун, буйрутмаларынын долбоорлорун макулдашуу боюнча активдүү кат алышып жаттык. 2015-жылы эле Кыргыз Республикасынын президентинин Аппаратына – **23** кат, өлкөнүн Премьер-министринин Аппаратына – **33**, КРнын Жогорку Кеңешине – **36** кат жиберилген.

Биздин рационалдуу жана салмактуу сунуштарыбыздын бардыгы кабыл алынды деп айта албайм, бирок ошондой болсо да, бул маселедеги оң жылыштар болду. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын ББжИМ караштуу "КРнын илим системасын реформалоо концепциясы", "Илимди өнүктүрүү фонду жөнүндө", "Илим жана инновациялар департаменти жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын премьер-министрине караштуу илим жана инновациялар боюнча Кеңеш жөнүндө", "Илимди реформалоонун аракеттеринин кадамдык планы" сыяктуу өкмөттүк токтомдор жана буйруттмалар кабыл алынды. УИАнын 2016-жылга деген бюджети илимий приборлорду сатып алуу жана Ботаникалык бактын эң минималдуу керектөөлөрүн канагаттандыруу үчүн 60 млн. сомдон ашыгыраак болуп бекитилди.

Жогоруда айтылгандай, бүтүндөй академдик коомчулуктун күчүнүн жана убактысынын чачынды болгонуна карабастан, өткөн жылы КРнын УИА окумуштуулары бир топ маанилүү иштерди аткарууга жетишишти. Мына ошолордун ичинен окумуштууларыбыздын саналуу гана маанилүү илимий жетишкендиктерине токтоло кетмекчимин.

**Физика-техникалык, математикалык жана тоо-геологиялык илимдер бөлүмү** боюнча:

- "Трансчекаралык суу ресурстарын колдонуу тармагындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук саясатынын концепциясы" жана "Сары-Жаз дарыясындагы ГЭСтин каскадын куруунун техникалык-экономикалык негиздөөсү" иштелип чыгып, кароого КРнын Өкмөтүнө өткөрүп берилген;
- "Түндүк-Түштүк" альтернативалык автомобиль жолундагы долбоорлонгон туннелдердин участкаларындагы активдүү (иштеп жаткан) жарылуулар белгиленип жана сейсмикалык коркунуч аныкталды;
- Жергиликтүү сырьенун базасында жогорку вольттуу керамиканы иштетүү үчүн ар кандай дисперсиялык жана фазалык бири-бирине жалгануучу фарфор шихтасынын оптималдык композициялык курамы иштелип чыккан.

**Химиялык-технологиялык, медициналык-биологиялык жана айыл-чарба илимдер бөлүмү** боюнча:

- Булганган объекттерди тазалоо үчүн арналган магниттик активдүү наногибриддик сорбенттерди алуунун технологиялык режиминин иштелмеси. Бул иш Химия жана химиялык технологиялар институтунда аткарылган, ал эми "Биохиммаш" ААКка (Россия) киргизилди.
- Биологиялык-жер кыртышы институтунун кызматкерлери тарабынан "Кыргыз Республикасынын территориясында аркар-кулжа жана тоо эчкилеринин популяциясынын абалын изилдөө жана аларды сактоо мам-

путатами, первыми лицами Правительства, руководителями структур аппарата президента КР и Министерства образования и науки мы вели также активную переписку по согласованию проектов постановлений, распоряжений Правительства по реформированию науки. Так, только в 2015 году нами было направлено **23** корреспонденции в Аппарат Президента Кыргызской Республики, **33** – в Аппарат Премьер-министра, **36** – в Жогорку Кенеш КР.

Не могу сказать, что все наши достаточно рациональные и взвешенные предложения были приняты, но все же какие-то положительные подвижки в этом вопросе наблюдались. Были приняты такие важные правительственные постановления и распоряжения, как «Концепция реформирования системы науки в КР», «О фонде развития науки», «О департаменте науки и инноваций» при МОиН Кыргызской Республики, «О Совете по науке и инновациям при премьер-министре КР», «План пошаговых действий по реформированию науки» и т.д. Бюджет НАН на 2016 год увеличен на более чем 60 млн. сомов для приобретения научных приборов и удовлетворения хотя бы минимальных нужд Ботсада.

Несмотря на указанное выше распыление сил и времени всего академического сообщества, в минувшем году учеными НАН КР была проделана значительная работа. Назову здесь лишь несколько наиболее важных, на мой взгляд, научных достижений наших ученых.

**По Отделению физико-технических, математических и горно-геологических наук** это:

- разработка и передача на рассмотрение Правительства КР «Концепции государственной национальной политики КР в области использования трансграничных водных ресурсов» и «Технико-экономического обоснования строительства каскада ГЭС на реке Сары-Джаз»;
- определение сейсмической опасности и выделение активных разломов на участках проектируемых тоннелей альтернативной автодороги «Север – Юг»;
- разработка оптимального композиционного состава фарфоровой шихты различной дисперсности и фазовых составляющих для разрабатываемой высоковольтной керамики на базе местного сырья.

**По Отделению химико-технологических, медико-биологических и сельскохозяйственных наук** это:

- разработка технологического режима получения магнитоактивных наногибридных сорбентов, предназначенных для очистки загрязненных объектов. Эта работа, выполненная в Институте химии и химической технологии, внедрена на ОАО «Биохиммаш» (Россия);
- сотрудниками Биолого-почвенного института завершена работа по выполнению «Государственной программы изучения состояния популя-

лекеттик программасын" аткаруу боюнча иш аяктады (КРнын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 11-октябрындагы № 238 Токтому);
- П.А. Ган атындагы Токой институту токой экосистемасынын кызматтарынын түрлөрүн аныктоо үчүн токойлорду коргоо категорияларын аныктоонун принциптерин иштеп чыгышкан жана ал 2015-жылдын 9-июлундагы КРнын Өкмөтүнүн № 474 Токтому менен бекитилген.

**Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмүндө:**
- КРнын Президентинин 2014-жылдын 2-июнундагы № 119 "Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы" Жарлыгын жана Өкмөттүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги № 151-б Токтомун аткаруу максатында, бөлүнгөн гранттык каражатка 63 китеп басылып чыккан, алардын маанилүү бөлүгүн ар түрдүү сөздүктөр түздү;
- Акыркы бир нече он жылдыктардын ичинде Алтайга, Сибирге, биздин өлкөнүн бардык региондоруна биринчи жолу фольклордук-лингвистикалык экспедициялар жөнөтүлгөн;
- Биздин өлкөнүн тарыхында биринчи жолу "Алыкул Осмонов", "Сагымбай Орозбаков" адабий энциклопедиялар, ошондой эле "Манас" эпосунун түшүндүрмөлүү сөздүгү" даярдалып жана басылып чыккан;
- Жалпы алганда 3 томдук "Кыргызстандын тарыхын" даярдоо иши аяктады.

**Түштүк бөлүм боюнча**:
- "Сары-Таш" шарттуу аталыштагы шыбак материалынын жаңы түрү алынган. Беттелүүчү таш карьерлериндеги тоо иштерин башкаруу боюнча автоматташтырылган программалык системаларды түзүү боюнча жалпы иштер аткарылды;
- Системалык маршруттар ыкмасы менен биогеоценоздордун айрым экологиялык параметрлери жана резистенттик касиеттери изилденип, Кыргызстандын жаңгак токойлорун өнүктүрүүнүн математикалык модели иштелип чыккан;
- 1 млн. доллар (АКШ) суммасындагы Синьцзян айыл-чарба академиясы менен биргелешип иштеген Кыргыз-Кытай беш жылдык гранттык долбоору аяктады.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-апрелиндеги № 221 Токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында илимди уюштуруу системасын реформалоо Концепциясына" ылайык, илим системасынын мыйзамдык-укуктук базасын жакшыртуу жана түзүмдү оптималдаштыруу, илимий-кадрдык саясатты өркүндөтүү, иштелмелердин инновациялык багытталышын күчөтүү, илимди жана билим берүүнү интеграциялоо процесстерин өнүктүрүү, илимий мекемелердин натыйжалуулугун жогорулатуу жана илимди өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик бюджеттик каражаттарды жөндүү пайдалануу боюнча милдеттердин комплексин жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн. Бирок бул иш аягына чыга элек.

Урматтуу УИАнын мүчөлөрү!

Биздин өлкөнүн суверенитетке жеткенине жарым кылымдан ашык убакыт өттү. Кээ бир параметрлер боюнча 1991, 2010 жана 2015-жылдын маалыматтарын салыштырып кетүү ашыкча болбос

ций горных баранов и горных козлов и их сохранения на территории КР» (Постановление Правительства КР № 238 от 11.10.2010 г.);
- для определения видов услуг лесных экосистем Институтом леса им. П.А. Гана разработаны принципы отнесения лесов к категориям защитности, которые утверждены Постановлением Правительства КР № 474 от 9 июля 2015 года.

**В Отделении гуманитарных и экономических наук:**
- во исполнение Указа Президента КР № 119 от 2 июня 2014 г. "О Национальной программе развития государственного языка и совершенствования языковой политики в Кыргызской Республике на 2014 – 2020 гг." и Постановления Правительства № 151-б от 6 апреля 2015 г. на выделенные грантовые средства разработано и издано 63 наименования книг, значительную часть которых составляют словари разных типов;
- впервые за несколько десятилетий совершены фольклорно-лингвистические экспедиции на Алтай, в Сибирь, во все регионы нашей страны;
- подготовлены и впервые в истории нашей страны изданы литературные энциклопедии "Алыкул Осмонов", "Сагымбай Орозбаков", а также "Толковый словарь эпоса "Манас";
- в целом завершена работа над подготовкой "Истории Кыргызстана" в трех томах.

**По Южному отделению:**
- получен новый вид штукатурного материала из мелкодисперсных отходов известняка-ракушечника с условным названием «Жидкий Сары-Таш». Выполнены работы по созданию автоматизированных программных систем по управлению горными работами в карьерах облицовочного камня;
- изучены отдельные экологические параметры и резистентные свойства биогеоценозов методом систематических маршрутов, разработана математическая модель развития орехово-плодовых лесов Кыргызстана;
- завершен совместный с Синьцзянской академией сельскохозяйственных наук пятилетний кыргызско-китайский грантовый проект на сумму 1 млн. долларов США.

В соответствии с «Концепцией реформы системы организации науки в Кыргызской Республике», утвержденной Постановлением Правительства КР № 221 от 16 апреля 2015 года, нами осуществлялись меры по реализации комплекса задач по оптимизации структуры и совершенствованию законодательно-правовой базы системы науки, совершенствованию научной кадровой политики, усилению инновационной направленности разработок, развитию процессов интеграции науки и образования, повышению эффективности научных учреждений и рационального использования государственных

деген ойдомун. Көз карандысыздыкка ээ болгон жылы Улуттук илимдер академиясында курамына 22 илимий түзүмдүк кирген 3 тармактык бөлүм иштеген. Кийинки жылдары УИА бир катар жаңы илимий-изилдөө институттарынын жана Түштүк бөлүмдүн (1993) 6 ИИИлер эсеби менен билинээрлик болуп кеңейди. Азыркы убакта КРнын УИАнын курамында 4 Бөлүм иштейт жана анын курамына – 22 ИИМ, 2 илимий борбор, Ботаникалык бак, Борбордук илимий китепкана, "Илим" басмасы кирет. КРнын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлеринин жалпы саны 1956 адамды түзөт, ошонун ичинде 1036 илимий кызматкер иштейт.

1991-жылга салыштырмалуу кыскартуу жарымынан ашыкты түзөт, бирок 2010-жылга салыштырганда, кызмат көрсөткөн персоналдын көрүнө эле азайышы менен илимий кызматкерлердин санынын өсүүсү байкалууда (диаграмманы караңыздар). Алардын 193 – илимдин докторлор, 374 – илимдин кандидаттары, б.а. даражалуу илимий кызматкерлер 50 %дан бир топ эле жогору.
Мына ушул сыяктуу окумуштуулардын илимий даражалуулугу боюнча сан 1991-жылга да таандык, бирок ошону менен бирге илимдин докторлорунун санынын өсүүсүн белгилей кетүү керек.

КРнын УИАнын 35 жашка чейинки жаш окумуштууларынын саны болгону 26 %ды гана түзөт, 22 илимий-изилдөө мекемесинин 15де пенсионерлердин саны жаш кызматкерлердин санынан бир топ жогору (айрым институттарда эки жана үч эсе). Жаш курактыгы боюнча илимдин докторлорунун жана кандидаттарынын көрсөткүчтөрү дагы оптимизмди туудурбайт. Илимдин докторлору 65 жаштын тегерегиндегилер болсо, кандидаттарынын анча-мынчасы гана 60тан кичүү. Акыркы цифрадан биздин академиялык ИИМде 35-40 жаштагы илимдин кандидаттары бирин-серин болгонун коркпой эле айтса болот. Албетте, иштин мындай абалын канагаттандыраарлык деп эсептөөгө болбойт.

2015-жылы биздин аспирантурага 95 жаш адам: күндүз окуу формасына – 42, сырттан окууга – 53 адам кабыл алынган. Бүгүн бардыгы аспирантурада 258 адам окуйт. Алардын ичинен жөндөмдүү аспиранттарды, "канатына коюш" керек дегендей, бөлүмдөрдөгү жана лабораториялардагы изилдөөлөргө тартуу талапка ылайык.

Өткөн жылы КРнын УИАда 48 адистик боюнча кандидаттык жана докторлук диссертацияларды жактоого максатталган 15 Диссертациялык кеңеш иш алып барган.

Бүгүнкү күндө 39 академик, 47 корреспондент-мүчө КРнын УИАнын мүчөсү болуп санала турган болсо, алардын чегине жеткен саны 45 жана 70 болушу керек. Алардын ичинен КРнын Улуттук илимдер академиясында түздөн-түз 20 академик жана 20 корреспондент-мүчө иштейт. Албетте, тез аранын ичинде болгон вакансияларга жаңы шайлоолорду уюштуруу жана өткөрүү маселесинин чечилиши талапка ылайык. Ошону менен бирге академиянын тагдырынын саясий жана укуктук жактан чечилбей жаткандыгына байланыштуу биздин ИИМнин жетекчилеринин бир нече жылдан бери "директордун милдетин аткаруучу" кызматында отургандарын белгилей кетүү туура болот. УИАнын Уставына ылайык, 70 жаштан ашкан жетекчилер орунду бошотуп, башка ишке которулуусу абзел.

"КРнын УИАнын илимий-изилдөө мекемелеринин (мындан ары – ИИМ) ишмердигин рейтингдик баалоо жөнүндө жобонун" негизинде акыркы беш жылдагы ИИМдин ишмердигин баалоо аяктаган. Жеткиликтүү, так критерийлерге негизделген бул бюджетных средств, направленных на развитие науки. Эта работа еще не завершена.

Уважаемые члены НАН!

Прошло четверть века с момента обретения нашей страной суверенитета. Думаю, нелишним будет по некоторым параметрам провести сравнение данных за 1991, 2010 и 2015 годы. В настоящее время в НАН КР функционируют 4 отделения, в составе которых – 22 НИУ, 2 научных центра, Ботанический сад, Центральная научная библиотека, издательство «Илим». Общая численность сотрудников НАН КР составляет 1956 человек, в их числе 1036 научных работников. По сравнению с 1991 годом сокращение составляет более чем половину, но сравнительно с 2010 годом наблюдается количественный рост числа научных сотрудников при заметном уменьшении обслуживающего персонала (см.: диаграмму). Среди научных сотрудников ныне 193 доктора и 374 кандидата наук, т.е. число научных сотрудников со степенью лишь немногим превышает 50%. Примерно такое же соотношение по остепененности ученых было и в 1991 году, правда, следует отметить количественный рост докторов наук. Число молодых ученых НАН КР в возрасте до 35 лет составляет всего лишь 26%, притом что в 15 НИУ из 22 количество пенсионеров существенно (в отдельных институтах вдвое и втрое) превышает число молодых сотрудников. Не вызывают оптимизма и показатели среднего возраста докторов и кандидатов наук – соответственно около 65 и немногим меньше 60 лет. Из последней цифры можно смело делать вывод о том, что 35–40-летних кандидатов наук у нас в академических НИУ, как говорится, раз, два и обчелся. Конечно же, подобное положение дел не может считаться удовлетворительным.

В 2015 году в нашу аспирантуру было принято 95 молодых людей, на очную – 42, заочную – 53. Всего сегодня обучаются в аспирантуре 258 человек. Наиболее способных из них, думаю, уже сегодня следует, что называется, «ставить на крыло», смелее привлекать к исследованиям в отделах и лабораториях.

В минувшем году в НАН КР функционировало 15 диссертационных советов по защите кандидатских и докторских диссертаций по 48 специальностям.

Членами НАН КР сегодня являются 39 академиков, 47 членов-корреспондентов, тогда как их предельная численность должна составлять 45 и 70 соответственно. Из них 20 академиков и 20 членов-корреспондентов работают непосредственно в НАН КР. Конечно, нам следует активизировать свою деятельность по организации и проведению выборов. Здесь же, кстати, стоит отметить, что уже по нескольку лет руководители наших НИУ являются «и.о. директоров». К тому же часть из них нуждается в обновлении, поскольку, согласно Уставу НАН, после достижения 70 лет они должны перейти на другую работу.

На основе разработанного «Положения о рейтинговой оценке деятельности научно-исследовательских учреждений (далее

баалоо аз натыйжалуу илимий-изилдөө мекемелери жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүн кошуу же жоюу менен КРнын УИАнын түзүмүн оптималдаштыруу боюнча мындан аркы иштерди жүзөгө ашырууда керек болоору анык. Бюджеттик чыгымдарды кыскартуу максатында, КР УИАнын кеңешчилер институтун жойгонбуз, УИАнын Президиумунун аппаратынын ишмердигин оптималдаштыруу боюнча вице-президенттердин санын кыскартууну, институттарды жана башка бөлүмдөрдү кайра уюштурууну ишке ашырып жатабыз.

Академиянын жетишкендиги катары негизги билимдер физика, математика, катуу телолордун механикасы, автоматика, импульстук системалардын, тунма кен пайда болуу теориялары, биология, физиология, медицина, химия кыргыз тилин билүү жана адабият таануу, тарых, экономика жана философия тармагындагы калыптанып калган илимий мектептер эсептелет. Атактуу академиктер жетекчилик кылган илимий мектептер бир гана илимий ой-пикирдин өнүгүүсү үчүн негиз болбостон, ошондой эле илимий кадрларды даярдоо үчүн жогорку университеттер болуп эсептелет.

Биздин окумуштуулардын күч-аракети Илимдер академиясынын үстөм маанилүү илимий багыттары болуп калган республиканын экономикасынын өтө зарыл көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Бул республикадагы пайдалуу кендерди казып алууну жана иштетүүнү комплекстүү изилдөө, тоолуу райондордогу жаратылыш, жаратылыштык-техногендик жана экологиялык процесстерди изилдөө, катастрофаларды болжолдоо, биологиялык ресурстарды колдонуу, коргоо жана кайталап өндүрүү, адамдын тоодо жашоого аракеттерин камсыз кылуу көйгөйлөрү ж.б.

Алар КРнын УИАнын институттарынын республиканын экономикасын өнүктүрүү үчүн иштеп жатканынын жана академия чечип жаткан маселелер азыркы мезгилдин талаптары менен тыгыз айкалышкандыгынын далили экенин ишенимдүү көрсөтүп жатат.

Кыргыз Республикасынын УИАнын окумуштуулары азыркы учурда өлкөнүн экономикасынын реалдуу секторуна жайылтууга даяр илим сыйымдуу иштелмелердин пакетине ээ (71 аталыштагы).

Кыргызстандын экономикасынын жана анын тармактык түзүмдөрүнүн бүгүнкү күндөгү илгери адымдаган өнүгүүсү, калктын жана чарбачыл субъекттердин төлөөгө жөндөмдүү деңгээлинин өсүүсү Кыргызстандын экономикасынын илим сыйымдуу продукцияга болгон керектөөсүн жогорулатууну баштайт деп үмүттөнөбүз.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы эл аралык илимий-техникалык байланыштарды колдоп жана чет элдик өнөктөштөр менен болгон ийгиликтүү кызматташууну өнүктүрүүдө. Бүгүнкү күндө биздин академия бир катар эл аралык илимий уюмдардын мүчөсү.

Россиянын, Кытайдын, Казакстандын ж.б. өлкөлөрдүн коллегалары менен биргелешип Эл аралык долбоорлор боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп жатабыз. Кыргыз Республикасынын УИАнын окумуштуулары 23 жакынкы жана алыскы чет өлкөнүн илимий мекемелери жана дүйнө жүзүнүн эки жүз илимий мекемеси (илимдер академиясы, университеттер, илимий-изилдөө мекемелери) менен илимий байланышты ишке ашырып жатат.

Эң бекем жана жемиштүү көп жылдык өнөктөштүк жакынкы чет өлкөлөрдүн илимий мекемелери менен түзүлгөн өнөктөштүк – бул, биринчи кезекте, Россиянын, Казакстандын, Тажикстандын илимий мекемелери. Өнөктөштүк байланыш тү-

– НИУ) НАН КР» нами завершена оценка деятельности НИУ за последние пять лет. Эта оценка, базирующаяся на достаточно четких критериях, необходима для осуществления дальнейшей работы по оптимизации структуры НАН КР с ликвидацией или слиянием малоэффективных НИУ и их структурных подразделений. К настоящему времени для сокращения бюджетных расходов ликвидирован институт советников НАН КР, осуществляется работа по оптимизации деятельности аппарата Президиума НАН с сокращением, в том числе и количества вице-президентов, реорганизации институтов и других подразделений.

Бесценным достоянием академии являются сложившиеся научные школы в ключевых областях знания – физике, математике, механике твердого тела, автоматике, теории импульсных систем, осадочного рудообразования, биологии и физиологии, медицине и химии, кыргызском языкознании и литературоведении. Возглавляемые ведущими академиками научные школы являются не только основой для роста научной мысли, но и высшими университетами для подготовки научных кадров.

Усилия наших ученых направлены на решение насущных проблем экономики республики, которые стали приоритетными научными направлениями Академии наук. Это проблемы комплексного изучения, добычи и переработки полезных ископаемых на территории республики, исследования природных, природно-техногенных и экологических процессов в горных районах и прогнозирование катастроф, проблемы рационального использования, охраны и воспроизводства биологических ресурсов, обеспечения жизнедеятельности человека в горах и другие.

Они убедительно показывают, что институты НАН КР работают для развития экономики республики и задачи, которые решает академия, тесно перекликаются с вызовами современности.

Ученые Национальной академии наук Кыргызской Республики в настоящее время имеют пакет наукоемких разработок (71 наименование), готовых к внедрению в реальный сектор экономики страны.

Надеемся, что сегодняшнее поступательное развитие экономики Кыргызстана и ее отраслевых структур, растущий платежеспособный уровень населения и хозяйствующих субъектов приведут к тому, что экономика Кыргызстана начнет повышать спрос на наукоемкую продукцию.

Национальная академия наук Кыргызской Республики поддерживает широкие международные научно-технические связи и развивает плодотворное сотрудничество с зарубежными партнерами. Академия является членом ряда международных научных организаций.

Широкий круг исследований проводится совместно с коллегами из России, Китая, Казахстана и других стран по международным проектам. Ученые НАН КР осуществляют научные связи с двумястами научными учреждениями стран мира (академиями наук, университетами, научно-исследовательски-

зүлгөн алыскы чет өлкөлөрдүн илимий мекемелеринин жана уюмдарынын географиясы Германия, Англия, АКШ, Италия, Япония, Кытай, Франция ж.б. өлкөлөр менен берилген. Биздин окумуштуулар, анализ көрсөткөндөй, батыштык коллегалар, ошондой эле Азиянын окумуштуулары менен да активдүү байланыш издөөнүн үстүндө аракеттенип жатышат. Акыркы жылдары өзгөчө КЭР жана Япониянын окумуштуулары менен түзүлгөн чыгармачылык өз ара аракеттешүү ийгиликтүү өнүгүүдө.

Өткөн жылы КРнын УИАнын Президиуму тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы менен Түркмөнстандын Илимдер академиясынын ортосунда илимий-техникалык кызматташуу жөнүндө Макулдашууга кол коюлган. Бул Макулдашуунун максаты: тараптардын илимий-техникалык потенциалын күчөтүү, эки тараптын илимий мекемелеринин ортосундагы мамилелерди өнүктүрүү жана кеңейтүү, биргелешкен илимий иштелмелерди практика жүзүндө ишке ашырууда илимий кызматташууга көмөктөшүү.

Биз аталган тармактагы көрүнүктүү ийгиликтерге жетишкендигибизге карабастан, Эл аралык кызматташууну сапаттуу жаңы деңгээлге жеткиришибиз керек. Бул маселе мамлекеттин деңгээлинде чечилиши керек, анткени кызматташуу боюнча эл аралык келишимдерге кол коюу дайыма келип каржылоо маселелерине такалат. Ошону менен бирге биздин келишимдер каржыланбаса, натыйжа бербейт жана кызматкерлердин тажрыйба алмашууга, стажировканы уюштурууга, илимий иш сапарларга барууга, биргелешкен илимий долбоорлорду аткарууга мүмкүнчүлүктөрү болбосо, ал кызматташуу да формалдуу мүнөзгө ээ болуп кала берет.

Дүйнө жүзүндө кабыл алынган баалоо системасы боюнча **илимий-изилдөөлөрдүн натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү** булар болуп эсептелет: алдыңкы илимий журналдарга басылган публикациялар; автордук күбөлүктөр жана патенттер; монографиялар, окуу куралдары; гранттарды алуу; жаңы жабдуулардын жана приборлордун тажрыйбалык жана сериялык үлгүлөрүнүн технологияларынын иштелмелери.

Акыркы 5 жылдын ичинде КРнын УИАнын окумуштууларынын ойлоп табуулар боюнча иштелмелерине 100дөн ашык автордук күбөлүктөр жана патенттер алынган. Ошону менен бирге диаграммада көрүнүп тургандай (диаграмманы карагыла), патенттердин саны 1991-жылга салыштырганда алты эсе, ал эми 2010-жылга салыштырганда эки эсе көбөйгөн.

Академиялык окумуштуулар ББжИМнин грифи менен билим берүү системасы үчүн 78 аталыштагы окуу куралын жана окуу-усулдук куралдарды иштеп жана басып чыгарышкан; РИНЦ (Россия илимий цитаталоо индекси) системасында 400дөн ашык макала, Web of Science (ЕС жана АКШнын цитаталоо индекси) – 170 иш жарыяланган (бул көрсөткүчтөр өлкөнүн жогорку окуу жайларын чогуу алгандагы көрсөткүчтөрүнөн бир топ жогору). Бирок силердин көңүлүңөрдү 2010-жылдан тартып "Макалалардын жалпы санынын" көрсөткүчү тикеден-тике кыскарып жаткандыгына бура кетейин.

Ушул беш жылдын ичинде биз 328 монография жарыялаганбыз. Бул мезгил ичинде биздин атайын эсебибизге бюджеттен тышкары – 456 млн. 991,3 миң сом келип түштү. Алардын ичинен чарбалык келишимдер боюнча – 142 млн. 973,8 миң; гранттар боюнча – 94 млн. 267, 3 миң; спонсорлук каражаттар – 16 млн. 342, 5 миң; башка булактар – 72 млн. 228, 1 миң сом.

ми учреждениями) из 23 стран ближнего и дальнего зарубежья.

Самым крепким и плодотворным является многолетнее партнерство со странами ближнего зарубежья – это в первую очередь научные учреждения России, Казахстана и Таджикистана. География научных учреждений и организаций дальнего зарубежья, с которыми установлены партнерские связи, представлена такими странами, как Германия, Англия, США, Италия, Япония, КНР, Франция и др. Как показывает анализ, наиболее активно наши ученые ищут сотрудничества как с европейскими коллегами, так и со странами Азии. Особенно плодотворно развивается в последние годы творческое взаимодействие с учеными КНР и Японии.

Президиумом НАН КР было подписано Соглашение о научно-техническом сотрудничестве между Национальной академией наук Кыргызской Республики и Академией наук Туркменистана. Целями настоящего соглашения являются усиление научно-технических потенциалов сторон, развитие и расширение отношений между научными учреждениями обеих сторон, содействие научному сотрудничеству в практической реализации совместных научных разработок в областях, которые представляют взаимный интерес.

Несмотря на заметные успехи в данной сфере, нам необходимо поднять на новый качественный уровень международное сотрудничество. Этот вопрос следует решать на государственном уровне, поскольку заключение международных договоров по сотрудничеству всегда упирается и в вопросы финансирования. Причем без финансовой поддержки наши договоры неэффективны и носят обычно формальный характер, поскольку отсутствует возможность обмена сотрудниками, организации стажировок, научных командировок, выполнения совместных научных проектов и т.д.

**Показателями эффективности научных исследований** по принятой в мире системе оценки являются: публикации в ведущих научных журналах; авторские свидетельства и патенты; монографии, учебники и учебные пособия; получение грантов; разработка технологий, опытных и серийных образцов нового оборудования и приборов.

За последние 5 лет на разработки ученых НАН КР получено более 100 авторских свидетельств на изобретения и патенты. Причем, как это видно на диаграмме (см.: диаграмму), по сравнению с 1991 годом количество патентов увеличилось в шесть раз, а по сравнению с 2010 годом – увеличение вдвое.

Академическими учеными разработаны и выпущены для системы образования 78 наименований учебников и учебно-методических пособий с грифом МОиН, опубликованы в системе РИНЦ (российский индекс научного цитирования) около 400 статей, в Web of Science (индекс цитирования в ЕС и США) – 170 работ (данные показатели превосходят показатели всех вузов страны вместе взятых). Но следует обратить ваше внимание на то, что показатель «общее количество статей» начиная с 2010 года неуклонно снижается.

КРнын УИАнын окумуштууларынын иштери – МНТЦ, ЮНЕСКО, ИНТАС, КОПЕРНИКУС, "Сорос-Кыргызстан" ж.б. ушул сыяктуу эл аралык илимий уюмдар тарабынан колдоого алынып турат. Акыркы беш жылдын ичинде бул фонддордон грант түрүндө 130 млн. 179, 6 миң сом түштү. Бул өзү биздин иштелмелердин илимдин заманбап өнүгүү деңгээлине туура келгендигинин күбөсү.

Бирок бүгүнкү күндөгү биздеги калдык принциби боюнча каржылоо акыркы натыйжага максатталган илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жол бербейт. Мисал келтирейин : академиялык илимге (ВВПдан 0,16%) гана эмес, бардык жалпы илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштерге жумшалган каражаттар боюнча биздин Кыргызстан дүйнөдө 74-орунда турат. Бул жумшалган каражаттар жылдан жылга азаюуда, 2006-жылы бул көрсөткүч 0,23%ды түзгөн. ВВП илим сыйымдуулугунун көрсөткүчү 1%дан төмөн болсо, ал критикалык көрсөткүч болуп эсептелерин белгилей кетүү зарыл. Биздин коңшулардан Тажикстан (0,09%) гана бул ранжирде бизден кийин 81-орунда турат. Россия Федерациясы (1,16) – 32-орунда, Армения (0,27%) – 64-орунда, Казакстан (0,23%) – 69-орунда турат.

Ошону менен бирге академиялык илимди ВВП-дан 0,08 % көлөмүндө каржылоо деңгээли биздин фундаменталдык илимдин жетишкендиктери жаңы прогрессивдүү технологияларга ишке ашат деп күтүү татаал.

Дүйнөлүк практика күбөлөндүргөндөй, ВВПдан 2,6 % жана жогору каржыланганда гана мамлекеттин технологиялык коопсуздугу камсыз кылынат жана фундаменталдык илимдин жетишкендиктери жаңы прогрессивдүү технологияларга алып келет. Ошондуктан Россия Федерациясынын президенти В.В. Путин илимдин жана жаңы технологиялардын өнүгүүсүн Россиянын жогорку приоритеттери болгон улуттук коопсуздук менен бир катарга капысынан койгон эмес.

Биздин оор бюджеттик чек коюу шарттарында үстөм маанилүүлүгү боюнча фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөр тармагында мамлекеттик максаттуу программаларга сынактык негизде каржылоону ишке ашыргандай болуп, долбоорлук ыкманы жүзөгө ашыруу үчүн жаңы түзүлгөн Улуттук илим фондунда ресурстардын топтолгонун туура деп эсептейбиз. Айта кетсек, 2004-жылы КРнын Улуттук илимдер академиясы Илим фондун түзүүнүн демилгечиси болуп чыккан. 2005-жылдан тартып азыркы убакка чейин КРнын УИА КРнын Президентинин Администрациясына, КРнын Өкмөтүнө, Жогорку Кеңешке Кыргыз Республикасынын илим системасын реформалоо жана уюштуруу боюнча өз сунуштарын бир нече жолу берди. Биз өлкөнүн саясий жетекчилиги менен акыркы мезгилде түзүлүп жаткан туура мамилелер бул жана башка маселелердин оң чечилишине ээ болуп жана ал келечекте Улуттук илимдер академиясынын сакталып жана өнүгүүсү үчүн кепилдик болуп калат деп ишенебиз.

За эти же пять последних лет нами опубликовано 328 монографий. На спецсчёт за эти годы поступило внебюджетных средств – 456 млн. 991,3 тыс. сомов. Из них по хоздоговорам – 142 млн. 973,8 тыс.; по грантам – 94 млн. 267, 3 тыс.; спонсорских средств – 16 млн. 342, 5 тыс.; прочее – 72 млн. 228, 1 тыс. сом.

Работы ученых НАН КР поддерживаются грантами ведущих международных научных организаций – МНТЦ, ЮНЕСКО, ИНТАС, КОПЕРНИКУС, «Сорос–Кыргызстан» и др.. За последние пять лет из этих фондов поступило грантов на 130 млн. 179, 6 тыс. сомов. Это свидетельство соответствия наших разработок современному уровню развития науки.

Однако финансирование по остаточному принципу, которое мы имеем сегодня, не позволяет проводить научные исследования, нацеленные на конечный результат. Приведу пример: наш Кыргызстан занимает 74-е место в мире по уровню затрат на все научно-исследовательские и опытно-конструкторские работы (НИОКР), а не только академическую науку (0,16 % от ВВП). Причем эти затраты из года в год снижаются, так, в 2006 году этот показатель составлял 0,23%. Следует здесь отметить, что показатель наукоемкости ВВП ниже 1% считается критическим. Из наших соседей только Таджикистан (0,09%) ниже нас в этом ранжире – 81-е место. Российская Федерация занимает 32-е место (1,16%), Армения – 64-е место (0,27%), Казахстан – 69-е место (0,23%).

Конечно, при нынешнем уровне финансирования нашей академической науки в объеме всего лишь 0,08% от ВВП трудно ожидать, что достижения нашей фундаментальной науки реализуются в развитие новых прогрессивных технологий. Мировая практика свидетельствует, что только при финансировании от 2,6% и выше от ВВП обеспечивается научно-технологическая безопасность государства и достижения фундаментальной науки приводят к развитию новых прогрессивных технологий. Не случайно поэтому президент Российской Федерации В.В. Путин развитие науки и новых технологий поставил в один ряд с высшими приоритетами национальной безопасности России.

Мы считаем правильным в наших условиях острых бюджетных ограничений сосредоточить ресурсы на реализацию проектного подхода во вновь созданном национальном фонде науки с тем, чтобы финансирование осуществлялось на конкурсной основе под государственные целевые программы в сфере фундаментальных и прикладных исследований по приоритетам. Кстати, следует отметить, что еще в 2004 году именно НАН КР инициировала создание фонда науки. Начиная с 2005 года и по настоящее время НАН КР неоднократно передавала в Аппарат Президента КР, в Правительство КР, Жогорку Кенеш свои предложения по реформированию и организации системы науки в КР. Мы надеемся, что складывающиеся в последнее время нормальные отношения с политическим руководством страны позволят решить в позитивном ключе эти и другие вопросы и станут залогом сохранения и развития НАН в будущем.

**2015-жылдагы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-уюштуруу ишмердигинин негизги жыйынтыктары**



*КРнын УИАнын Президиумунун Башкы окумуштуу катчысы, УИАнын мүчө-корреспонденти, ю.и.д., профессор Ч. И. Арабаев*

**Основные итоги научно-организационной деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2015 г.**

*Ч.И. Арабаев,*
*главный ученый секретарь Президиума НАН КР, член-корреспондент НАН КР, д.ю.н., профессор*

Улуттук илимдер академиясы үчүн өткөн 2015-жыл өзгөчө жылдардан болду. Илимди уюштуруу системасын реформалоонун Концепциясы 2015-жылдын 16-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 221 Токтому менен бекитилген. Анын натыйжасы катары Улуттук илимдер академиясынын алдында илим жана инновациялык технологиялар тармагындагы мамлекеттик саясатты аныктаган жаңы милдеттер пайда болду.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын ишмердиги КРнын УИАнын түзүмүн оптималдаштыруу жана жакшыртуу боюнча КРнын Илимди уюштуруу системасын реформалоонун Концепциясына ылайык, өлкөнүн заманбап талаптарына жана ресурстук мүмкүнчүлүктөрүнө жооп берген динамикалуу өнүккөн илимий-техникалык потенциалды түзүү, фундаменталдуу жана колдонмо илимий-изилдөө иштеринин натыйжалуулугун жогорулатуу, анын натыйжаларын Кыргызстандын элинин руханий жана денелик саламаттыгын, экономиканы, коомду жана мамлекеттик коопсуздукту өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн сапаттуу билим берүүнүн жана маданияттын негизи катары колдонуу максатында милдеттерди ишке ашырууга багытталган.

КРнын УИАнын илимий-уюштуруу ишмердигинин жыйынтыктарын үч тармактык жана бир аймактык бөлүмдө иш алып барган 25 илимий-изилдөө мекеменин ( ИИМ), анын ичинен 22 ИИИ, 2 илимий борбордун жана Ботаникалык бактын материалдары түзөт.

Кызматчылардын саны 1948 адам, анын ичинен илимий кызматкерлер 1040 (53,39 %). ФТМжТГИБ 842 кызматкер иштеген (ал КРнын УИАнын кызматкелеринин санынын 43,22 %) 8 ИИМ жана 1 ТШБТИБ; Химиялык технологиялар, медицина-биологиялык жана айыл-чарба илимдер бөлүмү (ХТМБжАЧИБ) – 522 (26,79 %) илимий кызматкер иштеген 7 ИИМни; Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү (ГжЭИБ) 224 (11,49 %) кызматкер иштеген 5 ИИМни; Түштүк бөлүм – 240 (12,32 %) кызматкери бар 5 ИИМни бириктирет.

КРнын УИАнын илимий кызматкерлеринин ичинен 373 адам – илимдин кандидаттары жана 191 адам илимдин докторлору. КРнын УИАнын илимий кызматкерлеринин ичинен илимдин докторлору 18,56 %ды түзөт, ал эми бөлүмдөрдүн резервинде: ФТМжТГИБ – 16,67 %, ХТМБжАЧБда – 14,06 %, ГжЭИБда – 22 %, ТБда – 29,06 %. КРнын УИАнын 35 жашка чейинки бардык окумуштууларынын салыштырма салмагы 36 %ды түздү. КРнын УИАнын академиги 39 адам жана корреспондент-мүчөсү 47

Минувший 2015 год был особенным для Национальной академии наук. Постановлением Правительства КР была утверждена Концепция реформы системы организации науки в КР от 16 апреля 2015 г. № 221. Как следствие, перед Национальной академией наук встали новые задачи, определяющие государственную политику в области развития науки и инновационной технологии.

Деятельность НАН КР была направлена на реализацию задач, согласно Концепции реформы системы организации науки в КР, по оптимизации и совершенствованию структуры НАН КР в целях формирования динамично развивающегося научно-технического потенциала, отвечающего современным требованиям и ресурсным возможностям страны, повышения эффективности фундаментальных и прикладных НИР и использования их результатов как основы качественного образования и культуры для обеспечения духовного и физического здоровья народа Кыргызстана, развития экономики, общества и безопасности государства.

Итоги научно-организационной деятельности НАН КР отражены в материалах трех отраслевых и одного регионального отделений, где функционируют 25 НИУ, из них 22 НИИ, 2 научных центра и Ботанический сад. Численность сотрудников – 1948 человек (1989 – в 2014 г.), из которых 1040 (53,39 %) являются научными сотрудниками (52,2 % – в 2014 г.). ОФТМиГГН объединяет 8 НИУ и 1 ТШВНЦ с 842 сотрудниками (43,22 % от численности сотрудников НАН КР); ОХТМБиСХН – 7 НИУ с 522 сотрудниками (26,79 %); ОГиЭН – 5 НИУ с 224 сотрудниками (11,49 %); ЮО – 5 НИУ с 240 сотрудниками (12,32 %).

Среди научных сотрудников НАН КР – 373 кандидата и 191 доктор наук. Доктора наук среди научных сотрудников НАН КР составляют 18,56%, а в разрезе отделений: ОФТМиГГН – 16,67 %, в ОХТМБиСХН – 14,06 %, в ОГиЭН – 19,8 %, в ЮО – 29,06%. Удельный вес ученых НАН КР в возрасте до 35 лет составил 26 %, в ОФТМиГГН – 24 %, в ОХТМБиСХН – 24 %; в ОГиЭН – 22 %, в ЮО – 19 %. Ученые пенсионного возраста составляют 36%. Членами НАН КР являются 39 академиков и 47 членов-корреспондентов, из которых соответственно 20 и 20 работают в НАН КР (51,29 % и 42,55 %).

адам, буга ылайык алардын ичинен КРнын УИАда иштегени 20 жана 20 (51,29 % жана 42, 55 %).

Илимий-изилдөө иштери – 134 (185 – 2014-жылы) долбоор боюнча аткарылган, анын ичинде бюджеттик негизде – 44 (33,33 %) долбоор, эл аралык фонддордун грантына – 40 (29,62 %) жана чарбалык эсептик негизде – 46 (34, 07 %), КРнын ББжИМ грантына – 4 (2,96 %) долбоор туура келет. Бюджеттик негизде аткарылган 44 долбоордон: ФТМжТГИБ гө – 23 (51,11 %), ХТМБжАЧИБгө – 7 (15,52 %), ГжЭИБгө – 9 (20 %), ТБгө – 5 (13,3 %) долбоор туура келет.

Илимий-изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды каржылоонун жетишсиздиги жана натыйжалуу эместиги КРнын УИАнын илимий-изилдөөчүлүк ишмердигиндеги мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууну токтотуп турган маанилүү көйгөй бойдон кала берет.

КРнын Улуттук илимдер академиясы жүргүзүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн деңгээли илимий-изилдөө мекемелеринин эң алгач заманбап жабдуулары, материалдык-техникалык потенциалынын абалы жана өнүгүү динамикасы менен аныкталат.

КРнын УИАнын илимий-изилдөө иштерине бюджеттен 304 777,8 миң сом (0,08 % ИДП) бөлүнгөн, ал 2014-жылдан 49 392,0 миң сомго көп. 2015-жылы статьялар боюнча каржылоо төмөндөгүдөй: жабдууларды сатып алууга 756,4 миң сом (2014-ж. – 500 миң сом); капиталдык оңдоолорго – 165,4 миң сом (2014-ж. – 1212,9 миң сом ) башка чыгымдарга – 44 265,6 миң сом (2014-ж. – 4 407,1 миң сом). ФТМжТГИБгө бөлүнгөн акча – 103 201,4 миң сом жана ал КРнын УИАнын бюджетинин – 33,86 %ын (2014-ж. – 99 323,8 миң сом – 38,89 %) түзөт. ХТМБжАЧИБнын үлүшү – 19,93 %ды түзгөн (2014-жылы – 23,3 %). Бөлүнгөн каражат – 60 754,3 миң сом (2014-ж. – 59 515,6 миң сом). ГжЭИБгө – 33 757 миң сом же бюджеттен – 11, 07 % бөлүнгөн (2014-ж. – 28 931,5 миң сом – 11,33 %). Түштүк бөлүмдүн үлүшү – 7,77 %ды же 23 692,6 миң сомду түзгөн.

Илимий-изилдөө иштери эл аралык фонддордун 40 гранты боюнча 1 234,138 миң $ аткарылган (2014-ж. – 1 202,16 миң $); МНТЦ долбоорлорду жалпы суммасы 542,680 миң $ (2014-ж.– 409,563 миң $) каржылаган. Флора жана Фауна Интернешнл (FFI) жана башка эл аралык фонддор 17 миң $ каржылаган. Жабдууларга эл аралык фонддордон 3,300 миң $ алынган. УИАнын бөлүмдөрү боюнча: ФТМжТГИБ – 9 долбоор (2014-ж. – 10) боюнча 369,4 миң $ (2014-ж. – 338,4 миң $) суммасында, ХТМБжАЧБ – 29 долбоор боюнча (2014-ж. – 43) 814,5 миң $ (2014-ж. – 797,46 миң $) суммада; ГжЭИБ – 1 долбоор (2014-ж. – 3) 6 миң $ (2014-ж. – 23 миң $) суммасында; ТБ – 1 долбоор боюнча 44, 238 миң $ (2014-ж. – 43,3 миң $) суммада каржыланган.

КРнын Улуттук илимдер академиясы КРнын ББжИМнин гранттары боюнча ФТМжТГИБ – бир долбоордон 40 миң сом суммасында; ХТМБжАЧИБ – эки долбоор боюнча 570,0 миң сом суммасында; ГжЭИБ – бир долбоордон 350,0 миң сом суммасында жалпы 960,0 миң сомдук (2014-ж. – 440,0 миң сом) иштерди аткарган.

КРнын Улуттук илимдер академиясы чарбалык келишимдер боюнча ФТМжТГИБ – 25 долбоор боюнча 12851,8 миң сом (2014-ж. – 13842,7 миң сом) суммасында; ХТМБжАЧИБ – 18 долбоор боюнча 2670,9 миң сом (2014-ж. – 2210,0 миң сом) суммасында; ГжЭИБ – 2 долбоор боюнча 41,48 миң сом суммасында; ТБ – бир долбоор боюнча 45,0

НИР выполнялись по 134 (185 – в 2014 г.) проектам, в т.ч. на бюджетной основе 44 (33,33 %), на гранты международных фондов – 40 (29,62 %), на хозрасчетной основе – 46 (34,07 %), на гранты МОиН КР – 4 (2,96 %). Из 44 проектов, выполненных по бюджету: в ОФТМиГГН – 23 (51,11%), в ОХТМБиСХН – 7 (15,52 %), в ОГиЭН – 9 (20 %), в ЮО – 5 проектов (13,3 %).

Недостаточность и неэффективность финансирования научных исследований и разработок остается важнейшей проблемой, сдерживающей реализацию государственной политики в сфере научно-технической деятельности НАН КР.

Уровень проводимых в НАН КР научных исследований определяется состоянием и наличием материально-технического потенциала НИУ, прежде всего это касается современного оборудования.

